Таптымбы.

Сөзү: Байбугуева Күлбүбү

Обону: Кыязов Адылбек

Бир болчудай эмнегедир бактыбыз,

Бир көргөндө, көңүлүмө жактыңыз.

Сиз да мага , кайдыгер жан эместей,

Карап койсом, кетип калды шаштыңыз.

Кайырма:

Издеп жүрүп, көп ичинен бактымды,

Сага окшогон кыргыз уулун таптымбы.

Чырайымды чылап ичпейт элең го,

Чынын айтсам, мүнөзүмдөн жактымбы.

Каным дүргүп, дайра болуп аккандай,

Көл сыяктуу, көөнүм толкуп жаткандай.

Кылчак карап, айланчыктайм өзүңө,

Кыялымда адамымды тапкандай.

Кайырма:

Калк ичинен карап жүрүп бактымды,

Каада күткөн, улуу элден таптымбы.

Кылыгымдан кыям ичпейт элең го,

Кыраан мүнөз кыялымдан жактымбы.

Түндү түрүп, агарып таң аткандай,

Шоола чачып ,бакыт нурун чачкандай.

Күлө карап, кете албадым жаныңдан,

Күтүп жүргөн адамымды тапкандай

Кайырма:

Бир көз караш, тартып алып өзүмдү,

Бийлеп турду, акылымды эсимди.

Билбей турам, кайдан келди бул сезим,

Эске салып, менин жапжаш(мен секелек) кезимди.